**Мирбек Иманбеков, Кожонова Нуркыз — Сен бар үчүн**

*Сөзү : Кубанычбеков А.*
*Обону : Садыралиев С.*

Сен менен сезимимдин сересинде,
Сүйүүнүн кемесинде,
Өзүнчө көл болуп толкуп турам,
Көңүлдүн тереңинде.
Өмүрдө өзүңдөн кереги жок,
Башканын дегениңде.
Кыялды бүтүндөй ээлеп алып,
Айландың белегиме.

Кайырма:
Сен бар үчүн кейибейм, жашыбайм.
Сен бар үчүн кемибейм, ташыбайм.
Сен бар үчүн эч качан жаңылбайм.
Сен бар үчүн эч кимди сагынбаймын.

Жылмайып, жан эркем, жүрөгүмө,
Дем бердиң кездешүүдө.
Жөн эле болсо дагы бир көрүшкө,
Жолугам кеч бешимде.
Кайырма: